Буйрук № 78

29-август 2022-жыл №1 гимназия-жатак интернаты

№1 гимназия-жатак интернатында
2022-2023-окуу жылында COVID
инфекциясынын жайылышынын
алдын алуу боюнча иш-аракеттердин
алгоритмин сактоо жөнүндө

КР дин Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 26-июлундагы
№1489/1 сандуу буйругунун негизинде

БУЙРУК КЫЛАМЫН:

1. 2022-2023-окуу жылында №1 гимназия-жатак интернатында билим берүү процессин реалдуу режимде уюштурууда КРдин Билим берүү министрлигинин 2022-жылдын 26-июлундагы №1487/1 сандуу буйругуна тиркеме катары көрсөтүлгөн 2022-2023-окуу жылында атайын билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгүндө COVID таажы вирустук инфекциясынын андан ары жайылышын алдын алуу боюнча санитардык-гигиеналык, эпидемияга каршы иш-чараларды аткаруу боюнча иш-аракеттердин алгоритми так аткарылсын.
2. №1 гимназия-жатак интернатында жергиликтүү бийлик органдары, аймактык билим берүү жана саламаттыкты сактоо уюмдары менен тыгыз кызматташтыкта иш алып барылсын.
3. Респиратордук оорулар көбөйгөн учурда райондук ( шаардык) билим берүү бөлүмүнө, үй-бүлөлүк дарыгерлер борборуна жана ата-энелерге (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) токтоосуз маалымат берилсин.
4. Алгоритмдеги талаптарды №1 гимназия-жатак интернатынын мугалимдерине, техникалык кызматкерлерине, ата-энелерге, окуучуларга маалымат катары жеткирүү медайым У.К.Матубраимовага милдеттендирилсин.
5. Мектепке келген ар бир адам үчүн колду антисептик менен тазалоону жана дене табын атайын журналга каттоого алуу үчүн жоопкерчилик медайым У.К.Матубраимовага милдеттендирилсин.
6. Күн сайын окуучулардын, кызматкерлердин үй-бүлө мүчөлөрүндө респиратордук симптомдордун бар, же жок экендигин сурамжылоо, андан соң жогоруда көрсөтүлгөн журналга жазуу калтыруу үчүн медайымга кабарлоо ар бир класс жетекчиге милдеттендирилсин.
7. №1 гимназия-жатак интернатынын кызматкерлеринин, окуучуларынын арасында дене табы көтөрүлгөн жана курч респиратордук оорулардын белгилери бар адамдар жумуштан четтетилсин, алгоритмге ылайык иш алып барылсын.
8. №1 гимназия-жатак интернатында дезинфекциялоо иштерин жүргүзүү. Керектүү концентрациядагы каражаттарды колдонуу менен

(милдеттүү белги менен) көрсөтүү боюнча көрсөтмө берүү жоопкерчилиги медайым У.К.Матубраимовага жүктөлсүн.

9. Кааналарды , класстарды желдетүүнүн, тазалоонун (жалпы учурдагы жана жыйынтыктоочу) графигин түзүү жана илип коюу класс жетекчилерге жүктөлсүн.
10. Ашкана, буфеттердин иштөөсү санитардык эрежелердин жана эрежелердин талаптарын так сактоо менен уюштурулсун.
11. Күз-кыш мезгилинде температуранын сакталышы камсыз кылынсын.
12. Класстардын кире беришине дезинфекциялоочу каражаттарды орнотуу жана мугалимдин столунда ар дайым антисептик спрей болушу камсыздалсын.
13. Кол жуугуч жерде колду кантип жуу керектиги боюнча нускамалардын илинүүсү, жеке гигиеналык каражаттардын (суюк самын, сүлгү, дезинфекциялык эритмелер жана салфеткалар) коюлуусу камсыз кылынсын.
14. Мектепте маданий оюн-зоок иш-чараларын өткөрүүгө тыюу салынсын.
15. Мектепке ата-энелер, ар кандай уюмдардын өкүлдөрүнүн кирүүсүнө чектөө киргизилсин.
16. Жеке коргонуу каражаттарын өз алдынча контролдоо, колдонуу зарылчылыгы жөнүндө ата-энелер, окуучулар, мугалимдер, техкызматкерлер арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү ТББ Г.А.Ажибаевага, класс жетекчилерге жүктөлсүн.
17. Короновирустук инфекциянын алдын алуу боюнча инструктаждарды өткөрүү
    ЧББ Ж. Раймходжаевге, ТББ Г.А.Ажибаевага, медайым У.К.Матубраимовага жүктөлсүн.
18. Күн сайын класстан тышкаркы иш-чаралар учурунда корона-вирустук инфекциянын алдын алууга багытталган "Ден соолук мүнөттөрүн" өткөрүү ар бир класс жетекчиге милдеттендирилсин.
19. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө ОББ А.С.Аширбаевага тапшырылсын.

№1 гимназия-жатак интернатынын директору А.И.Тагаева

Буйруктан көчүрмө № 83

01.09.2022 №1 гимназия-жатак интернаты

№1 гимназия-жатак интернатында
2022-2023-окуу жылында
№1 гимназия-жатак интернатынын
өрткө, жер титирөөгө, селге каршы
жана антитеррордук коргонуу
иш чаралары жөнүндө

№1 гимназия-жатак интернатынын өрткө, жер титирөөгө, селге каршы жана антитеррордук коргонуу боюнча мугалимдердин жана тех.кызматкерлердин курамында тайпаларды түзүү максатында

БУЙРУК КЫЛАМЫН:

1. Жарандык коргонуу боюнча мугалимдердин жана тех.кызматкерлердин курамында төмөнкүдөй тайпалар түзүлсүн:

1 тайпа

1.Тагаева А – тайпанын төрайымы-директор
2.Кундузова Г- 9$^{а}$-класстын жетекчиси,тайпанын мүчөсү
3.Абдиева А- 11-класстын жетекчиси,тайпанын мүчөсү
4.Хамидов Н – англис тили мугалими,тайпанын мүчөсү
5.Асанова Ы –тех.кызматкер, тайпанын мүчөсү

2 тайпа

1.Аширбаева А.-ОББ,тайпанын төрайымы
2.Рустамова К -10-класстын жетекчиси.тайпанын мүчөсү
3.Эрматова Г- 5$^{б}$-класстын жетекчиси,тайпанын мүчөсү
4.Каримов М- карool, тайпанын мүчөсү
5. Калжигитова М- тарбиячы жардамчысы, тайпанын мүчөсү

3 тайпа

1.Ажибаева Г- ТББ- тайпанын төрайымы
2.Тойчубаева Г- 6-класстын жетекчиси, тайпанын мүчөсү
3.Туратова Т– 8$^{а}$-класстын жетекчиси,тайпанын мүчөсү
4.Абдурахманов Н- дене тарбия мугалими,тайпанын мүчөсү
5.Курбанова Ж- тарбиячы жардамчысы, тайпанын мүчөсү

2.№1 гимназия-жатак интернатынын өрткө, жер титирөөгө, селге каршы жана антитеррордук коргонуу иш-чараларын түзүү, машыгууларды өткөрүү тайпа мүчөлөрүнө тапшырылсын.

3.Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө ТББ Г.Ажибаевага тапшырылсын.

№1 гимназия-жатак интернатынын директору: А.И.Тагаева

Буйруктан көчүрмө № 84

01.09.2022 №1 гимназия-жатак интернаты

Өрт коопсуздугу боюнча
тайпалардын түзүлүшү жөнүндө

.№1 гимназия-жатак интернатынын 2022-2023-окуу жылына карата мугалимдер жана окуучулар арасында өрт коопсуздугун камсыз кылуу максатында БУЙРУК КЫЛАМЫН:

1. №1 гимназия-жатак интернатынын 2022-2023-окуу жылына карата мугалимдер жана окуучулар арасында өрт коопсуздугунун алдын алуу боюнча төмөнкү курамда тайпалар түзүлсүн:

I тайпа

1.А.Абдиева-11-класстын жетекчиси, төрайымы
2.Б.Абдинабиев- 11-класстын окуучусу, мүчөсү
3.Д.Мустапаев-11-класстын окуучусу, мүчөсү
4.Б.Акимбаев -11-класстын окуучусу, мүчөсү
5.Б.Аширалиев -11-класстын окуучусу, мүчөсү

II тайпа

1.Н.Хамидов-англис тили мугалими,төрагасы
2Б.Саттаров- 11-класстын окуучусу, мүчөсү
3.Д.Аманов - 11-класстын окуучусу, мүчөсү
4.Э.Мустапакулов – 10-класстын окуучусу, мүчөсү
5.Ш.Ахунов- 10-класстын окуучусу, мүчөсү

III тайпа

1.Б.Эрназарова– математика мугалими, төрайымы
2.А.Имматов – 11-класстын окуучусу, мүчөсү
3.Э.Аманов - 10-класстын окуучусу, мүчөсү
4.А.Авазкулов- $9^а$-класстын окуучусу, мүчөсү
5.Б.Файзуллаев – $9^а$-класстын окуучусу, мүчөсү

IV тайпа

1.С.Абдуманова –математика мугалими,төрайымы
2.М.Нишанбаев - $9^а$-класстын окуучусу, мүчөсү
3.Б.Саатбаев– $9^б$-класстын окуучусу, мүчөсү
4.А.Азиреткулов- $9^а$-класстын окуучусу, мүчөсү
5.И.Кадыркулов - $9^а$-класстын окуучусу, мүчөсү

V тайпа

1.Н.Абдурахманов- дене тарбия мугалими, төрагасы
2.А.Эгембердиев -10-класстын окуучусу, мүчөсү
3.Д.Имматов- 10-класстын окуучусу, мүчөсү
4.Э.Тагашев - $9^б$-класстын окуучусу, мүчөсү
5.С.Абдурахманов- $9^а$-класстын окуучусу, мүчөсү

2.№1 гимназия-жатак интернатында өрт коопсуздугун камсыздоо боюнча иш-чараларды түзүү, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, окуучуларга маалымат берүү, машыгууларды өткөрүү, тайпалардын милдеттерин бөлүштүрүү тайпаларга тапшырылсын.

3.Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө ТББ Г.Ажибаевага жүктөлсүн.

№1 гимназия-жатак интернатынын директору: А.И.Тагаева

Буйруктан көчүрмө № 85

01.09.2022 №1 гимназия-жатак интернаты

Этика комиссиясынын курамын
түзүү жөнүндө

№1 гимназия-жатак интернатында эмгектенип жаткан мугалимдердин,техкызматкерлердин, окуучулардын арасындагы келишпөөчүлүк, уруш-жаңжал, укук бузуучулуктун алдын-алуу жана мугалимдик, инсандык этиканы сактоо, маданияттуу болууга үндөө максатында 2022-жылдын 30-августунда өткөрүлгөн №1 гимназия-жатак интернатынын №1 педкеңешмесинин токтомунун негизинде буйрук кыламын:

1. 2022-2023-окуу жылында №1 гимназия-жатак интернатында төмөнкүдөй курамда этика комиссиясы түзүлсүн:
   1. Т.М.Бурханова-комиссиянын төрайымы
   2. Ш.Якубжанова-ашпозчу, комиссиянын мүчөсү
   3. К.А.Кинжибаев – комиссиянын мүчөсү

2. Этика комиссиясынын курамы тарабынан адептүүлүк, маданияттуулук, инсандык бийик сапаттар тууралуу окуу, семинар, тарбиялык саттар, лекция, тегерек столдор уюштурулсун.

3. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө кесиптик уюмдун төрайымы Г.Ш.Умаркуловага тапшырылсын.

№1 гимназия-жатак интернатынын директору: А.И.Тагаева

Буйруктан көчүрмө № 88

01.09.2022 №1 гимназия-жатак интернаты

Жугуштуу оорулардын (грипп, сарык,
коронавирус.кутурма ж.б.)
алдын алуу жөнүндө

2022-2023-окуу жылында №1 гимназия-жатак интернатынын окуучуларынын арасында ар түрдүү жугуштуу оорулардын ( грипп, сарык кутурма ж.б.) алдын алуу максатында буйрук кыламын:

1 Жалпы окуучулар арасында ар түрдүү жугуштуу оорулардын алдын алуу, маалымат берүү, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү боюнча иш-чаралар планы түзүлсүн.

2. Ар бир класстын окуучуларына жугуштуу оорулар белгилери, алдын алуу жолдору жөнүндө маалымат берүү, жат жазууларды жаздыруу, ата-энелер менен биргеликте иштөө ар бир класс жетекчиге милдеттендирилсин.

3.Жатаканадагы окуучуларга атайын түзүлгөн календардык пландын негизинде жугуштуу оорулардын алдын алуу максатындагы лекцияларды, тегерек столдорду өтүү, уюштуруу У.К.Матубраимовага ( медайым) милдеттендирилсин

4.Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө ТББ Г.Ажибаевага жүктөлсүн.

№1 гимназия-жатак интернатынын директору : А.И.Тагаева

БУЙРУК № 97

06-сентябрь 2022-жыл №1 гимназия-жатак интернаты

**№1 гимназия-жатак интернатында**
**Коргонуу иш-чараларын уюштуруу жөнүндө**
**(жарандык коргонуу штабын, ЖК комиссиясын,**
**көчүрүү комиссиясын, куткаруу түзүмдөрүн**
**(кабарлоо тобу, коомдук тартипти сактоо звеносу,**
**чалгындоо тобу, өрт өчүрүүчүлөр тобу, санитарлар**
**тобу, жаш куткаруучулар тобу) түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин 2020-жылдын 29-октябрындагы телефонограммасынын негизинде

БУЙРУК КЫЛАМЫН:

1. 2022-2023-окуу жылында № 1 гимназия-жатак интернатында кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча практикалык чараларды пландаштыруу жана ишке ашыруу максатында Жарандык коргонуу иш-чаралары уюштурулсун.

2. № 1 гимназия-жатак интернатында төмөнкүдөй курамда Жарандык коргонуу штабы түзүлсүн:

Мектептеги ЖКнын жетекчиси (башчысы): А.Тагаева - директор
ЖКнын штабынын башчысы: А.Аширбаева -ОББ
Эвакуация боюнча жетекчиси: Г.Ажибаева -ТББ
ЖКнын жетекчисинин орун басары: Н.Абдрахманов –АчД мугалими
ЖКнын материалдык жактан жетекчиси: Ж.Раймходжаев –ЧББ

3. № 1 гимназия-жатак интернатында төмөнкүдөй курамда Жарандык коргонуу комиссиясы түзүлсүн:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Комиссия төрайымы | Мүдүр №1 гимназия-жатак интернатынын Жарандык коргонуусунун жетекчиси | Тагаева Айнура Иманалиевна |
| 2 | Комиссия төрайымынын орун басары | №1 гимназия-жатак интернатынын мүдүрүнүн орун басары | Аширбаева Арзыгүл Сулайманкуловна |
| 3 | Комиссия төрайымынын орун басары | окуучу | Саттаров Бекжан-11-класс |
| 4 | Комиссия мүчөсү | мугалим | Абдурахманов Нурали Жунусович |
| 5 | Комиссия мүчөсү | медайым | Матубраимова Урматай Калботоевна |
| 6 | Комиссия мүчөсү | Мугалим | Кинжибаев Кумар Абдимиталипович |
| 7 | Комиссия мүчөсү | мугалим | Хамидов Нуридин Сахобиддинович |
| 8 | Комиссия мүчөсү | техкызматкер | Абдиев Алтынбек Икрамович |
| 9 | Комиссия мүчөсү | окуучу | Исабекова Улугай 11-класс |
| 10 | Комиссия мүчөсү | окуучу | Тажибаева Батма 11-класс |
| 11 | Комиссия | окуучу | Нийматова Айсымбат 11-класс |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | мүчөсү | | |
| 12 | Комиссия мүчөсү | окуучу | Каюмов Нурканимет 10-класс |
| 13 | Комиссия мүчөсү | окуучу | Имматов Динмухаммед 10-класс |
| 14 | Комиссия мүчөсү | окуучу | Иляшлв Билал 10-класс |
| 15 | Комиссия мүчөсү | окуучу | Жусупов Сыймык 10-класс |
| 16 | Комиссия мүчөсү | ата-энелер комитетинин өкүлү | Айдосов Абдижалил |
| 17 | Комиссия мүчөсү | ата-энелер комитетинин өкүлү | Акимбаев Данияр |

4. № 1 гимназия-жатак интернатында төмөнкүдөй курамда көчүрүү комиссиясы түзүлсүн:
Т.Бурханова – соцпедагог – көчүрүү комиссиясынын төрайымы
Ж.Жээнбаева– улуу тарбиячы – көчүрүү комиссиясынын мүчөсү
Т.Туратова – мугалим – көчүрүү комиссиясынын төрайымы
Ш.Якубжанова – ашпоз– көчүрүү комиссиясынын төрайымы

5. Мектептеги ЖК боюнча төмөнкү топтор түзүлсүн:

1). Жаш куткаруучулар тобу
Жетекчиси: К.Максутов –тарбиячы
Мүчөлөрү: Б.Саттаров – 11-класс
Д.Имматов– 10-класс
И.Сайпиллаев– 11-класс

2). Өрт өчүрүүчүлөр тобу
Жетекчиси: Н.Абдурахманов - дене тарбия мугалими
Мүчөлөрү: Д.Аманов– 11-класс
Б.Акимбаев– 11-класс
М.Камалов-11-класс
И.Разбеков-10-класс
Ш.Ахунов -9а-класс
Э.Аманов -10- класс
И.Айдаралиев -10-класс

3). Санитарлар тобу
Жетекчиси Г.Эрматова – биология мугалими
Мүчөлөрү: М.Абдыкалыкова– 11-класс
Э.Эркебаева– 11-класс
Б.Жалилова – 9б-класс
А.Гулбаева – 11-класс
А.Анарбекова – 9а-класс
Ж.Раимкулова– 10-класс
М.Калыкова– 10-класс

4). Чалгындоо тобу
Жетекчиси: Б.Эрназарова –математика мугалими
Мүчөлөрү: А.Эгембердиева– 10-класс
С.Джеeналиева – 10-класс
Ж.Абдинабиева– 9а-класс

4) Коомдук тартипти сактоо тобу

Жетекчиси: Н.Хамидов –англис тили мугалими

Мүчөлөрү: Б.Саатбаев - 9б-класс
К.Файзуллаев - 10-класс
Э.Тагашев -9б-класс
А.Акимбаев -9а –класс
С.Абдрахманов- 9а-класс

6. **Милициянын жаш жардамчылар тобунун курамы болуп төмөнкүлөр бекитилсин:**

Жетекчиси : Кумарбек Кинжибаев-музыка мугалими-жетекчиси

Мүчөлөрү: А.Эгембердиев-10-класс
А.Абдукалыков -9б-класс
И.Азиреткулов-9а-класс
С.Жаркынбаев-8а-класс
Б.Сулайманкулов -9б-класс

7. **Жолдо жүрүүнүн жаш инспекторлорунун курамы болуп төмөнкүлөр бекитилсин:**

Жетекчиси: Г.Тойчубаева –кыргыз тили жана адабияты мугалими

Мүчөлөрү: С.Жусупов-10-класс
Б.Нишанов -9а-класс
И.Эгембердиев -8б-класс
И.Сапаржолов -9б-класс
Э.Тагаев -8а-класс

8. №1 гимназия-жатак интернатында жарандык коргонуу иш-чараларын түзүү, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, маалымат берүү, машыгууларды өткөрүү Жарандык коргонуу штабына жүктөлсүн.

9. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмдө калтырамын.

№1 гимназия-жатак интернатынын директору А.И.Тагаева

БУЙРУК № 102

10-сентябрь 2022-жыл №1 гимназия-жатак интернаты

Эмгекти коргоо жана коопсуздук
эрежелерин сактоо жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 209-244-беренелерине ылайык эмгекти коргоо-эмгектенүү процессинде кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун сактоонун шартын жакшыртуу максатында

БУЙРУК КЫЛАМЫН:

1. Эмгекти коргоо жана коопсуз шарттарды түзүү мектеп директору А.И.Тагаевага жүктөлсүн.
2. Эмгекти коргоо жана коопсуз эрежелерин сактоону көзөмөлдөө үчүн төмөнкүдөй курамда комиссия түзүлсүн.
   1. А.И.Тагаева –мектеп директору;
   2. Ж.Раймходжаев – ЧББ;
   3. Г.Умаркулова – кесиптик уюмдун төрайымы;
   4. А.С.Аширбаева-ОББ;
   5. Г.А.Ажибаева – ТББ

   2.1 Эмгекти коргоо-жана коопсуздук эрежелеринин сапаттуулугун көзөмөлдөө, эмгекти коргоонун мыйзамдарындагы жана башка ченемдик укуктук актылардагы талаптарды, эмгектенүү процессинде кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун сактоого багыттылган эрежелерди, жол-жоболорду эске алуу менен жамааттык келишимди иштеп чыгып, эмгекти коргоо эрежелерин 1 жылда 2 жолу-сентябрь, февраль айларында текшерип, жамааттын чогулушунда маалымат берүү жагы комиссия курамына милдеттендирилсин.
3. **Окуу тарбия иштеринин башчысы А.С.Аширбаевага**

Окуучулар арасында коопсуздукту камсыз кылуу, эмгекти коргоо эрежелеринин сакталышы үчүн окуу каражаттарды, химиялык заттарды колдонуп өтүлүүчү практикалык, лабороториялык иштердин өткөрүлүшүнө

- Көзөмөл кылуу;
- Коопсуздук эрежелерин тааныштыруу, каттоо;
- Кесиптик кошуундун катышуусу менен окуу;
- Каражаттардын, химиялык реактивдердин сакталышы, бөөдө кырсыктарды каттоочу китепченин көзөмөлүн сактоо, сабак учурунда окуучулардын коопсуздугун көзөмөл кылуу;
- Окуучулардын коопсуздугун сактоо сабак берүүчү мугалимдердин жоопкерчилигинде экендиги сабак берүүчү мугалимге эскертүү милдети жүктөлсүн;

4. **Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Ажибаевага**
   - Тарбиялык коомдук пайдалуу өндүрүштүк иштерди эмгекти коргоо ченемдик, укуктук талаптарга ылайык уюштуруу;
   - Санитардык-гигиеналык ченемдердин сакталышына, өрт коопсуздугуна, мектептен сырткары мекемелердеги тарбиялык иштердин аткарылышына көзөмөл кылуу;
   - Окуучулар менен жол коопсуздугу, травмаларды эскертүү боюнча иш-чараларды уюштуруу;
   - Окуучулар менен эмгекти коргоо боюнча иш-чараларды уюштуруу, окуучулар үчүн бөөдө кырсыктарды каттоо китепчесинин жазуусун жүргүзүү жүктөлсүн:
5. **Чарбалык иштер боюнча башчы Ж.Раймходжаевге**
   - Негизги имараттын энергетикасы, технологиялардын коопсуздугу боюнча экспертизация өткөрүү, мугалимдер менен текшерип туруу, ремонтторду уюштуруу;

- Өрт коопсуздугунун сакталышын, өрт өчүрүүчү каражаттардын абалын көзөмөлдөө;
- Жүктү түшүрүү, жүктөө иштеринде коопсуздукту уюштуруу;
- Мекеменин санитардык-гигиеналык абалын эрежеге ылайык камсыздоо;
- Коопсуздук эрежелерге ылайык окуу кабинеттерди материалдар, инвентарлар менен камсыз кылуу;
- Жыл сайын өткөргүчтөргө каршылыктарды өлчөөнү уюштуруу жердештирүүнү текшерүү, жылуулук системаларында сыноолорду өткөрүү, отундун радиациялык ченемин өлчөөнү уюштуруу;
- Техникалык кызматкерлер үчүн эмгекти коргоо коопсуздук эрежелеринин ченемдери боюнча кызматкерлерге маалымат берүү;
- Жаңы келген техникалык кызматкерлерди коопсуздук эрежелери менен тааныштырып , коопсуздук эрежелер боюнча журналды толтуруу жагы милдеттендирилсин:

**Мектептеги өрт коопсуздугун сактоо боюнча.**

1. Мектептеги өрт коопсуздугунун эрежелери менен тааныштыруу; Кабинеттерде, коридорлордо өрт коопсуздугун сактоо эрежелери камтылган бурчтарды уюштуруу;
2. Өрт мезгилинде мектептен чыгуу планы менен тааныштыруу жана план боюнча аракет кылуу камсыз кылынсын;
3. Окуу кабинеттеринде, жатакана бөлмөлөрүндө күйүүчү, майлоочу каражаттарды, спирттик, жарылуучу каражаттарды сактоого тыюу салынсын;
4. Мектепте өрт чыгарбоо үчүн бардык аракеттерди, шарттарды аткаруу милдеттендирилсин;
5. Химия , физика, кол эмгек сабактарынын мугалимдери окуучулар менен өрт коопсуздугу, техникалык коопсуздук боюнча көрсөтмөлөрдү өткөрсүн;
6. Эвакуация боюнча окуулар өткөрүлсүн;
7. Буйруктун аткарылышы ОББ А.С.Аширбаевага, ТББ Г.А.Ажибаевага, ЧББ Ж.Раймходжаевге жүктөлсүн.

Негизи: КРЭК 6- бөлүму
209-224-беренелери

Буйрук менен тааныштым:
1. Ж.Раймходжаев ___________
2. Г.Умаркулова ___________
3. А.С.Аширбаева ___________
4. Г.А.Ажибаева ___________

№1 гимназия-жатак интернат ынын директору А.И.Тагаева

Буйруктан көчүрмө № 105

12.09.2022 №1 гимназия-жатак интернаты

№1 гимназия-жатак интернатында "Кыргыз Республикасында
2022-2023-окуу жылына карата жалпы билим берүү мекемелеринин
окуучулары жана балдар арасында укук бузуулардын алдын алуу боюнча
ведомостволор аралык өз ара кызматташуу иш-чараларын
өркүндөтүү жөнүндө" буйругун аткарууга алуу жөнүндө

КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 07-сентябрындагы №23-2/1785 сандуу катын, КРдин Ички иштер министрлигини 2022-жылдын 23-августундагы №591, КРдин Саламаттыкты сактоо министрлигинин 2022-жылдын 23-августундагы №1022, КРдин Коргоо министрлигинин 2022-жылдын 23-августундагы №493, КРдин Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2022-жылдын 23-августундагы №129, КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 23-августундагы №1617/1, КРдин Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин 2022-жылдын 23-августундагы №966, КРдин Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин 2022-жылдын 23-августундагы №454 биргелешкен "Кыргыз Республикасында 2022-2023-окуу жылына карата жалпы билим берүү мекемелеринин окуучулары жана балдар арасында укук бузуулардын алдын алуу боюнча ведомостволор аралык өз ара кызматташуу иш-чараларын өркүндөтүү жөнүндө" буйругун аткарууга алуу максатында

БУЙРУК КЫЛАМЫН:

1. №1 гимназия-жатак инт ернатында 2022-2023-окуу жылына карата окуучулардын арасында укук бузуулардын жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иш-чаралардын биргелешкен иш-мерчеминин 1-тиркемесине ылайык иш-чаралардын планы түзүлсүн жана иш-чаралар өз убагында өткөрүлсүн.
   1.2. №1 гимназия-жатак интернатында 2022-2023-окуу жылында окуучулар арасында аткарылган укук бузуулардын алдын алуу иштери боюнча отчёттун формасы 2-тиркемеге ылайык түзүлсүн.
   1.3. Аткарылган иш-чаралар боюнча маалыматтар ЛРБББге өз убагында жеткирилсин.
   1.4. №1 гимназия-жатак интернатында окуучулардын арасында укук бузууларды алдын алуу максатында мектеп администрациясынын өкүлдөрүнөн, педагогикалык жамааттын мүчөлөрүнөн, ЖИИ тескөөлөрүнөн, педагог-тарбиячылардан, коомчулук өкүлдөрүнөн, ата-энелер комитетинин мүчөлөрүнөн турган мектептин Алдын алуу кеңеши түзүлсүн. (2022-жылдын сентябры)
2. Окуучулар арасында кылмыштардын жана укук бузуулардын алдын алуу, шарттарын, себептерин табуу, алдын алуу иштеринин абалын иликтөө жана талдоо боюнча иш-чаралар планы түзүлсүн жана бекитилсин (2022-жылдын октябры).
3. Зордук-зомбулук, топтошуп мушташуунун алдын алуу боюнча иш-чаралар планы түзүлсүн жана аткарууга алынсын.
4. "Балдар арасындагы укук бузууну алдын алуу, тарбия иштерин уюштуруу" маселелери боюнча видео-семинар, тегерек стол ж.б. иш-чараларды ай сайын өткөрүү класс жетекчилерге, тарбиячыларга жүктөлсүн.
5. №1 гимназия-жатак интернатында "Алдын алуу бөлмөсү" түзүлсүн.
6. Аскердик патриоттук темада дубал гезитти чыгарууну уюштуруу АчД мугалими Н.Абдурахмановго тапшырылсын.
7. №1 гимназия-жатак интернатында укуктун жана аскердик-патриоттук темада, ошондой эле сергек жашоо образынын маселеси боюнча олимпиадаларды, сынактарды викториналарды өткөрүү АчД мугалими Н.Абдурахмановго, класс жетекчилерге, биология мугалими Г.Эрматовага жүктөлсүн.

8. №1 гимназия-жатак интернатында ЛРМА, Раззаков шаардык мэриясы менен биргеликте жаштардын жана жашы жете электердин сезимине оң таасирин тийгизген патриоттук фильмдерди көрсөтүү менен жалпы маданий жана аскердик-патриоттук иш-чаралар уюштурулсун.
9. Окуучулардын арасындагы жаңжалдарды, өзгөчө " тобокел тобундагы", мектеп ичиндеги каттодо турган, ынтымагы жок үй-бүлөлөрдүн балдары менен тарбиялык алдын алуу иштерин жөнгө салуу соцпедагог Т.М.Бурхановага жүктөлсүн.
10. №1 гимназия-жатак интернатында КРдин өзгөчө кырдаалдар министрлигинин өкүлдөрүн тартуу менен өзгөчө кырдаалдарды (бөөдө кырсык, өрт,жаратылыш кырсыктары) алдын алуу боюнча сабактар уюштурулсун.
11. Окуучуларды ЖОЖ, атайын орто окуу жайларга, кесиптик лицейлерге экскурсияга алып барып, келечекте кесип тандоого багыт берүү иш-чаралары уюштурулсун.
12. "Ачык эшиктер күнү" иш-чарасынын алкагында окуучулардын КРдин Коргоо министрлдигинин аскердик бөлүкторуно алып баруу иш-чаралары уюштурулсун.
13. Окуучуларга, ата-энелерге кибербуллинг боюнча атайын сабактарды өтүү байланыш каражаттарын колдонуу маданияты боюнча маалымат берүү иштерин жүргүзүү "Жаш журналист" ийриминин жетекчиси Г.Б.Тойчубаевага тапшырылсын.
14. Алкоголь, наркоманияга каршы күрөшүү-ар бирибиздин милдетибиз деген ураандын астында иш-чараларды өтүү класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
15. Темир жолдордо укук бузууларга жол бербөө, темир жолго жакын жерлерде балдардын коопсуздугун сактоо. Экстремизмдин коомдогу коркунучун, улуттар аралык, диндер аралык араздашуулардын коркунучтуулугун түшүндүрүү максатындагы тарбиялык сааттарды уюштуруу класс жетекчилерге жүктөлсүн.
16. Суициддин алдын алуу иштери уюштурулсун.
17. Жол кыймылынын эрежелерин пропагандалоо иш-чаралары, ЖКЖТ(ЮМДД)кошуунуну кароо-сынактары уюштурулсун.
18. Спорттук аскердик-колдонмо түрлөрү боюнча республикалык спортаккиадага окуучуларды даярдоо АчД мугалим Н.Абдурахмановго тапшырылсын.
19. ММК менен уюштурулган атайын мезгилдүү программаларга окуучуларды катыштыруу камсыздалсын жана абийирдүү окуучулардын иштери даңазалансын.
20. Окуучуларга карата сексуалдык зомбулуктун жана кысымдын алдын алуу максатында буклеттер, комикстер, стенддер, видеотасмалар, видеосабактарды иштеп чыгууну колго алуу класс жетекчилерге, предметтик мугалимдерге жүктөлсүн.
21. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө ТББ Г.Ажибаевага тапшырылсын.

№1 гимназия-жатак интернатынын директору А.И.Тагаева

Буйруктан көчүрмө № 109

14.09.2022 №1 гимназия-жатак интернаты

Жаш өспүрүмдөр катышкан
жол транспорт кырсыгынын
алдын алуу жөнүндө

Лейлек РИИБ боюнча ЖККК бөлүмчөсүнүн 2022-жылдын 01-сентябрындагы № 20/5/5-106 сандуу катынын негизинде

БУЙРУК КЫЛАМЫН:

1. №1 гимназия-жатак интернатынын мугалимдерин, ата-энелерин,техкызматкерлерин, окуучуларын 2022-2023-окуу жылы үчүн жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкармалыгынын иш-мерчеминин негизинде түзүлгөн иш-чаралар планы менен тааныштыруу.

2. №1 гимназия-жатак интернатынын окуучулар менен ата-энелерге маалыматты жеткирүү класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

3. №1 гимназия-жатак интернатындагы класс кааналарына жол коопсуздугу боюнча жарнактар тийиштүү жол белгилер илинүүсүн камсыздоо класс жетекчилерге жүктөлсүн.

4. № 1 гимназия-жатак интернатындадагы окуучуларга жол коопсуздугу боюнча класстык сааттар өтүлсүн

5. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө ТББ Г.А.Ажибаевага, жүктөлсүн.

№1 гимназия-жатак интернатынын директору : А.И.Тагаева

Буйруктан көчүрмө №  113

26.09.2022. №1 гимназия-жатак интернаты

№1 гимназия-жатак интернатында
кырсыктардын тобокелдигин азайтуу
күнүн өткөрүү жөнүндө

ЛРМАнын 2022-жылдын 05-сентябрындагы №2/220 сандуу буйругунунегизинде

БУЙРУК КЫЛАМЫН:

1. №1 гимназия-жатак интернат ында 2022-жылдын 5-сентябрынан 5-октябрына чейин кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча 1 айлыгы өткөрүлсүн.
2. Бир айлыктын иш-чаралар планы түзүлсүн жана бекитилсин.
3. №1 гимназия-жатак интернатында ӨКМдин ветерандары менен жолугушуулар уюштурулсун.
4. №1 гимназия-жатак интернатында Жарандык коргонуу боюнча профилактикка иштери, профилактикалык машыгуулар жүргүзүлсүн.
5. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө ТББ Г.Ажибаевага тапшырылсын.

№1 гимназия-жатак интернатынын директору А.И.Тагаева

БУЙРУК № 120

12.10.2022. №1 гимназия-жатак интернаты

Зордук-зомбулуктун алдын алуу
жөнундө

Лейлек райондук билим берүү бөлүмү Лейлек районунун мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 7-октябрындагы 3/1646 сандуу катына ылайык 2022-жылдын 15-сентябрындагы зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында өткөрүлгөн жыйындын чечимин аткаруу максатында

БУЙРУК КЫЛАМЫН:

1. №1 гимназия-жатак интернаптында зордук-зомбулуктун алдын алуу жана болтурбоо максатында ИДН кызматкерлери менен тыгыз иш алып барылсын
2. №1 гимназия-жатак интернатында зордук-зомбулуктун алдын алуу жана болтурбоо максатында иш-чаралар бекитилсин.
3. Ушул буйруктуктун аткарылышын көзөмөлдөө ТББ Г.Ажибаевага милдеттендирилсин.

№1 гимназия-жатак интернатынын директору А.И.Тагаева

БУЙРУК № 121

12.10.2022 №1 гимназия-жатак интернаты

Укук бузуулардын алдын алуу
жөнүндө

Лейлек райондук билим берүү болүмү Лейлек районунун мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 7-октябрындагы 3/1645 сандуу катына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 23-августундагы №469 сандуу "2022-2028-жылдарга карата укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын концепциясын бекитүү жөнүндөгү" токтомун аткаруу максатында

БУЙРУК КЫЛАМЫН:

1. №1 гимназия-жатак интернатында укук бузуулардын алдын алуу максатында ИДН кызматкерлери менен тыгыз иш алып барылсын.

2. №1 гимназия-жатак интернатында укук бузуулардын алдын алуу максатында иш-чаралар бекитилсин.

3. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө ТББ Г.Ажибаевага милдеттендирилсин.

№1 гимназия-жатак интернатынын директору А.И.Тагаева